**Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик аймактык түзүлүшү” аттуу темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчиси, тарых илимдеринин доктору, профессор Усупова Назира Стамбекованын**

# ПИКИРИ

Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик аймактык түзүлүшү” деп аталган тема актуалдуу тема болуп саналат.

Бүгүнкү күндө мамлекеттүүлүктү изилдөөдөгү объективдүү талдоону талап кылган актуалдуу маселелердин бири – кыргыз элинин адегенде автономиялуу область, автономиялык, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү болуп саналат.

Диссертациянын актуалдуулугу эгемен өлкөбүздүн эң орчундуу маселелеринин бири – Кыргыз Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышында анын административдик-аймактык түзүлүшү чоң роль ойногондугу менен аныкталган. Үстүбүздөгү жылы Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөнүнүн 100 жылдыгы белгиленип жатканда маселенин маанилүүлүгү артып жаткандыгы шексиз. Ошону менен бирге республикабызда административдик-аймактык ирилештирүү реформасын жүргүзүүдө өткөн бай тажрыйбага кайрылуу зарылдыгы бар.

Изилдөөчү эмгегинде бай архивдик документалдык булактардын базасын жана илимий адабияттарды жана документалдык материалдарды кылдат талдоонун натыйжасында Кыргызстандагы административдик-аймактык реформаларды жүргүзүүнүн этаптары, өзгөчөлүктөрү жана себептери аныктаган.

Эмгектин библиографиялык базасы кенен. Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшү тарыхнаамада диссертациялык деңгээлде биринчи жолу комплекстүү изилдеп, талдоого алып, системага салган. Изилдөөчү илимий изилдөөнүн тарыхнаамасын эки топко: советтик доор, постсоветтик доорго арналган эмгектерге бөлүп, аларга мүнөздөиө берген берген.

Изилдөөнүн методологиялык базасын историзм, объективдүүлүк, тарыхый булактарга таянуу жана изилдөөнүн комплекстүүлүгү принциптерине негизделген.

Кыргызстанда уезддердин, болуштуктардын түзүлүшүн жана түзүлүш механизмин изилдөөгө мүмкүндүк берген структуралык-функционалдык талдоо изилдөөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул маселелер эмгекте коомдук түзүлүштөгү аймактык экономикалык өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта каралган. Мисалы, эмгекте Кыргызстандын аймагынын райондук бөлүнүшүнүн түзүлүшүнө алып келген себептерди, андан соң аймактык түзүлүштүн өзгөрүшүнө жана кантондордун пайда болушуна алып келген себептерди көрсөтүүгө аракет жасалган.

Эмгекте ар кайсы жылдардагы административдик-аймактык түзүлүш ырааттуу түрдө талданат. Алгачкы эки райондук түзүлүштөн кийин 1924-жылы декабрда жаңы райондоштурууда Пишпекти төрт районго бөлүштүрүү, Ош, Жалал-Абад, Каракол-Нарын райондорунун түзүү каралган.

1924-жылы улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүнүн натыйжасында ККАО административдик түзүлүштүн варианты боюнча облусть эки: округга – Жалал-Абад жана Пишпек округдарына бөлүнүп биринчиси эки уездден: Ош жана Жалал-Абаддан, экинчиси төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Атага (Тоолуу) бөлүү долбоору изилденген.

Ошону менен бирге диссертацияда кантондордун структурасын жана райондоштуруунун жаңы этаптарында да өзгөртүүлөргө дуушар болгон башкаруу органдарынын функцияларын кеңири изилдөөгө алынган.

Эмгектин максаты жана милдеттери коюлган, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, негизделген жыйынтыктар жана сунуштар берилген.

Жогорудагы айтылгандарга таянып, изилдөөчү Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик аймактык түзүлүшү” аттуу темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык иши Жогорку аттестациялык комиссиянын талабына жооп берет, деп эсептейм жана Диссертациялык кеңешке каттоого алууга жана коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи**
**т.и.д., профессор** **Усупова Н.С.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ